# «Кылымга жакын тарыхы бар китепкана»
# Адам эмгеги менен даңазалуу

Дүйнөлүк баалуулуктардын кенчи болгон, улуттук мураска айланган китепканалар кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусуна зор салымын кошуп келет.

Нарын облусунун китеп казыналарынын 92 жылдык тарыхы көптөгөн ийгиликтерди жараткан жолду басып өттү.Теңир-Тоодогу китепканалардын башаты 1928-жылдын 20-мартына дал келип, Нарын кантонунда 9 кызыл боз үйлөр уюштурулган. Бул Нарын жергесиндеги китепканаларды уюштуруунун тарыхый башталышы, ал эми бүгүнкү күндө Нарын облусунда 127 калк китепканалары иштейт,мунун ичинде 1 облустук, 5 райондук, 4 шаардык, 117 айылдык китепканалар калкты китеп жана маалымат менен тейлөөдө.

Нарын облустук С.Орозбаков атындагы китепканасы акыл ойдун, илим, билим, маданияттын өсүшүнө, калыптанышына, эбегейсиз зор салым кошуп, элди кеңири маалымат менен камсыз кылууда алдыңкы технологияларды пайдалануу менен зор иштерди жасап келүүдө.

Жан дүйнөнү жаркытып келечекке адаштырбай алып бара турган баа жеткис байлыкты аздектеп, облустагы китепкана ишинин өсүп өнүгүүсүнө зор салым кошкон, жарым кылымга жакын ак эмгегин өтөгөн, китепканалардын тарыхындагы ары татаал, ары байсалдуу жолунда китепкана ишин сүйгөн көптөгөн китепканачы эжелерибиз эмгектенип келишти. Бүгүнкү күндө Нарын облусунда 30 кесиптештерибиз «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисине татыктуу болгондугун сыймыктануу менен атап кетсек болот. Облустук китепкананын базасында китепкана музейи ачылып, бул музейде китепкананын түптөлүшүнөн баштап, анын өнүгүү жолун архивдик фото жана документалдуу баяндар менен китепкананын өнүгүшүнө зор салымын кошкон, мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон ардагерлербиздин эмгектери, иш тажрыйбалары тууралуу маалыматтар кийинки муундагы жаштарга өрнөк болсун деген максатта сакталып келүүдө.

Бул кутту жайда «Эмгек Кызыл Туу» «Ардак белгиси», «Энелик Даңк» ордендеринин жана көптөгөн медаль, грамоталардын ээси Коңурбаева Жумагул, Кыргыз ССРинин «Эмгек сиңирген китепканачысы, «Ардак белгиси» орденинин ээси Токомбаева Күлсүн, Кыргыз республикасына эмгек сиңирген ишмер Чолпонбаева Үкөй эжелерибизди сыймыктануу менен эскеребиз.

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын «Даңк» медалынын, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин, көптөгөн грамоталардын ээси, Нарын облусунун ардактуу атуулу Жумагулова Бурул, КРнын маданиятынын мыкты кызматкери «Китепкана жылдызы» Акматалиева Эркин, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, КРнын китепканалар «Китепкана жылдызы» төш белгиси жана көптөгөн ардак грамоталардын ээси жана Нарын шаарынын ардактуу атуулу Токторбаева Замира Базарбаевна жана «Маданияттын мыкты кызматкерлери» Турусбаева Сайрабүбү, Курманалиева Бурулкан, Бексултанова Жумагул, Тойгонбаева Нуржамал эжелерибиз бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда.

Ардагерлерибиздин эмгеги бүгүнкү күндө кийинки муундарга өрнөк болуп келүүдө. Биз ардагерлерибиз менен сыймыктанабыз!



Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Токомбаева Күлсүн

**Кыргыз ССРинин «Эмгек сиңирген китепканачысы», «Ардак белгиси» орденинин ээси.**

## *Адам эмгеги менен даңктуу*

Нарын 2010ж.

# Күлсүн Токомбаева

(1927-1974 жж.)

Кочкор районундагы Кара-Кужур айылдык китепканасынын башчысы, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген китепканачысы, КПССтин мүчөсү Күлсүн Токомбаева өмүрүнүн чейрек кылымга жакын убактысында китепканалык кесипти аркалаган. Эжебиз өзгөчө бийик тоолу климаты катаал Нарын областынын малчыларын жайдыр-кыштыр китеп менен камсыз кылууда зор эмгегин өтөгөн. Күлсүн Токонбаеванын басып өткөн жолу байсалдуу.

Ал Токмоктогу Маданий-агартуу окуу жайын бүтүрүп чыкандан кийин, алыскы Кара-Кужурда адегенде мугалим, андан кийин айылдык китепкананын башчысы болуп иштөө менен ал кесипти өмүрүнүн акырына чейин абийирдүүлүк менен аткарып келген. Өзүнүн жакшынакай мамилеси, Ак эмгеги менен коомчулуктун арасында кадыр баркка, аттак-данкка ээ болгон.

Анын эмгеги жогору бааланып, Нарын облусунда биринчилерден болуп Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген китепканачысы деген ардактуу наамга ээ болгон жана «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы, Кыргыз ССРинин Маданият министирлигинин грамотасын алууга да татыктуу болгон.

Карапайым, эмгекчил, ак пейил адамдын ишин мындай жогору деңгээлде баалоо аны китепканалык иште чыгармачылык менен андан да активдүү эмгектенүүсүнө шыктандырган.

47 жаш курагында дүйнөдөн кайткан Күлсүн эжебиздин адамкерчилик сапаты, коомдук ишке дилгирлиги жана жанын үрөп иштеген жемиштүү иши ар бирибиздин дилибизде, биздин катарыбызда дайым бирге жүрөт.

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы
маалыматтык китепкана



# Чолпонбаева Үкөй

**Кыргыз ССРинин «Маданиятына эмгек сиңирген кызматкери»**

***Адам эмгеги менен даңктуу***

Нарын 2010ж.

# Үкөй Чолпонбаева

Кочкор райондук борболоштурулган китепканалык тармактын мурдагы директору, персоналдык пенсионер, Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген кызматкери Үкөй Чолпонбаева 1951-жылдан 1991-жылга чейин 40 жыл китепканалык иште талыкпай иштеп, уюштургуч жетекчи катары өзүн көрсөтө алган.

Ал жетектеген Кочкор райондук китепканасы Нарын областы гана эмес республикадагы китепкана иши боюнча алдыңкы иш тажрыйба мектеби болуп саналып, башка райондорго үлгү катары көрсөтүлүп келди.

Китепкана тармагында иштеген үзүрлүү эмгеги үчүн «В.И.Лениндин 100 жылдыгы юбилейлик медалы», СССР маданият министерствосунун «Эң мыкты иштегендиги үчүн» төш белгисинин, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин, Маданият министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланып, 1968-жылы Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген кызматкери деген ардактуу наамга ээ болгон.

Терең билимин иш менен айкалыштырып, көп жылдар бою Кочкор райондук китепканалык тармакта директор болуп иштеп,өз ишин эң мыкты билген уюштургуч,өз кесибинин мыкты адиси болгон Үкөй Чолпонбаеванын бүгүнкү күндө насаатчы катары райондогу китепканачылар урматтап, сыйлап келишет..

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Жумагүл Коңурбаева

Кыргыз Республикасынын «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл туу», III даражадагы «Энелик даңк» ордендеринин ээси.

*Адам эмгеги менен даңктуу*

# Коңурбаева Жумагүл

(1922- 2009. жж)

Нарын өрөөнүндө биринчи кыз-келиндер арасынан чыккан комсомолдук, партиялык кызматтарды аркалаган Коңурбаева Жумагүл эже болгон. Улуу Ата-Мекендик согуштун жылдарында эл чарбасын калыбына келтирүүдө жигердүү салым кошкон.

Нарын шаардык китепканасында директор болуп иштеп турган мезгилинде райондордогу, шаардагы китепканаларга методикалык борбор катары жардам берүү менен бирге, китепкананын чакан имаратына 100 орундуу кошумча окуу залын курдуруу менен калктын маданий байлыгынын калыптануусуна шарт түзгөн. Натыйжада чакан китепкана чоң окуу залы бар маданий борборго айланган.

Китепкананын ишин жакшы жолго коюп, уюштуруучулук менен иш алып барып, бир катар союздук республикаларга тажрыйба алмашуу үчүн барган. Кайсы гана кызматта болбосун, иштин көзүн таанып билгичтик, көрөгөчтүк менен калыс мамиле кылып, уюштургуч болуусу менен айырмаланып келген.

Нарын шаардык китепкананын иштерине кошкон зор салымы үчүн, китепканага Жумагүл Коңурбаеванын ысымы ыйгарылып,бүгүнкү күндө алдыңкы китепкана катары иш алып барууда.

Китепкана ишиндеги үзүрлүү эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, 1966-жылы Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин, 1967-жылы Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин, Кыргызстан Профсоюздар Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси», «Энелик даңк» ордендеринин жана көптөгөн медаль, грамсталардын ээси Коңурбаева Жумагүлдүн үзүрлүү эмгеги кийинки муундагы жаштарга өрнөк болуп келүүдө.

Нарын шаардык Жумагүл Коңурбаева атындагы борборлоштурулган китепкананын окурмандары элге кылган ак эмгек гана адамды бактыга бөлөп, көзү өтсө да өмүрү эл жүрөгүндө жашап калаарын айгинелеген маанай жаркыткан жолугушууга күбө болушту. Кезегинде Нарын өрөөнүндө алгачкылардан болуп кыз- келиндердин арасынан комсомолдук, партиялык советтик кызматтарда 44 жыл үзүрлүү эмгектенген, «Эмгек Кызыл Туу» ордени баштаган көптөгөн өкмөттүк сыйлыктардын ээси, мындан үч жыл мурда дүйнөдөн кайткан Жумагүл Коңурбаеванын туулгандыгынын 90 жылдыгына арналган кечеде маркумдун басып өткөн өтөлгөлүү өмүр жолуна, жаркын элесине таазим этилди.





Жумагүл Коңурбаева

Эл эмгектен эскерсин

# Ыйык казынанын улуулугун арттырып...

Акыл ойдун азыгы делген китепти сактай турган ыйык казынага ысмы ыйгарылган Жумагүл Коңурбаева 1970-жылы шаардык китепкананы жетектеп турганында 100 орундуу кошумча окуу залын курдуртуп, китеп фондусун көбөйтүп, окурмандардын маданияттуу тейленишине жетекчилик жигерин арнаган. Энелик мээримин төгүп, темир канат балапандарына таалимдүү тарбиясын берип, турмуш жолуна талпынтып учурган. Адамдык ар-намысты бийик тутуп, эл жүгүн аркалаган жоопту кызматтарда эмгектенген уулкыздары апасынын ысмын алган бул китепканага бөтөнчө урмат- сый менен мамиле кылып, өз колдоолорун көрсөтүп турушат. Мындан бир ай мурда залкар жазуучу Төлөгөн Касымбековдун 8 томдон турган чыгармалар жыйнагын, Кыргыз эл жазуучусу Кеңеш Жусупов менен Каныбек Иманалиев түзгөн «Кыргыздар» аттуу китебинин 14 томдугун жана Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунун 3 томдугун берип жиберишиптир.

Жан дүйнөнү жаркытып, келечекке адаштырбай алып бара турган баа жеткис байлыкты аздектеген бул китепканада өткөн жылы экс-президент Роза Отунбаеванын жеке демилгеси менен ачылган «Китеп ордо» окуу борборунда фондуну жаңы китептер менен толуктап, окурмандардын, айрыкча жаштардын китепке болгон кызыгуусун арттыруу максатында жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу китепкананын деректири Токтобүбү Исабекова айтып берди. Андан соң

Нарын мамлекеттик университетинин студенти Адылбек кызы Анара алгачкы эмгек жолун он алты жашында партиянын Нарын райондук комитетинде машинистка болуп иштөөдөн баштаган Жумагүл Коңурбаеванын басып өткөн өмүр жолу, тууралуу баяндап берди.

Кечеде эмгек ардагери Сейталы Жакыпов аксакал бармактайдан баш кошкон жубайынын оор басырыктуу кулк-мүнөзү, ар ишке кылган аяр мамилеси жетекчиликтеги уюштуруучулук жөндөмү, калыстыктан тайбагандыгы, үй- бүлөдө баланы тарбиялоодогу бөтөнчө кылдат мамилеси тууралуу кызыктуу баян курду.

Жумагүл Коңурбаеванын өзүнүн «Баскан жол» аттуу китебинде өрнөктүү өмүр жолу таамай чагылдырылгандыгын, жакшы адамдын элге кылган ак эмгеги эч качан унутулбасын жаркын элеси жүрөктөрдө түбөлүк жашай берээрин Нарын шаарынын вице мэри Салтанат Эсенаманова, кезегинде таалимин алып, чогуу иштешкен кесиптештери Нарын облустук китепканасынын деректиринин орун басары,«Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңерген ишмери» Бурул Жумагулова, Эркин Акматалиеванын эскерүүлөрү катышуучулардын көңүлүндө калды.Китепкананын активдүү окурмандары, НМУнун жана атайын орто окуу жайынын студенттери бул кечеден алган таасирлери тууралуу ой бөлүшүштү.

**Бурулсун ДЫЙКАНБАЕВА.**

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Жумагулова Бурул

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
«Даңк» медалынын, КРнын Ардак грамотасынын ээси.
Мамлекеттин III-класстагы кеңешчиси.

## *Адам эмгеги менен даңктуу*

Нарын 2010ж.

# *Жумагулова Бурул*

Кыргыз Республикасынын «Даңк» медалынын ээси, Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмери Жумагулова Бурул эжебиздин басып өткөн жолу, иштеген үзүрлүү эмгеги кийинки муундарга өрнөк болот демекчибиз.

Бурул эже өз эмгек жолунда 1970-1971ж.ж мугалим, 1972- 1976 ж.ж облустук китепканада бөлүм башчы,1976-1991 ж.ж Нарын шаардык китепканада жана Нарын өрөөндүк китепканаларында генералдык директор болуп иштеген.

1991-2000 ж.ж Бурул эже партиялык жетекчилик кызматтарды аркалап келген. Алсак Нарын шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары, Нарын шаардык мамлекеттик администрациясынын маданий жана социалдык иштер боюнча орун басары, Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары аппарат жетекчи кызматтарында иштеген.

Жумагулова Бурулдун маданиятты калкка кеңири жайылтууда көрсөткөн активдүүлүгү, калкты маданияттуу тейлөөдө, көп жылдык жана жемиштүү иштеген иши, өлкөбүздүн гүлдөп өсүшүнө кошкон ак эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, мамлекеттик жогорку сыйлыктага ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын «Даңк» медалы жана бир нече төш белгилер, ондогон Ардак грамоталар менен сыйланган.

Рынок мамилелеринин шартында учур талабына ылайык 30га жакын эл аралык уюмдар, фонддор өкмөттүк эмес бирикмелер менен иш алып барууда 100миң доллардан ашык грант утуп, жардамдрды алып ,облустук, шаардык, райондук китепканаларга укуктук- экономикалык борборлорду түзүп, окурмандардын колдоосуна ээ болгон.

Жумагулова Бурул өзүнүн өрнөктүү өмүр жолунда облуста, райондордо жана шаарда социалдык- маданий тармактын ар тараптуу өнүгүшүнө татыктуу үлүшүн кошуу менен бирге коллективди жетектөөдө демилгечи уюштургуч, жоопкерчиликтүү жетекчи катары элге жакын жана бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн бардык күч аракетин жумшоо менен жаштарга тарбия берип, аларды өстүрүүдө талбай иштеп келүүдө.

Бурул Жумагулова Кыргыз Республикасынын Маданиятына Эмгек сиңирген ишмр ,Нарын облусунун, Нарын шаарынын Ардактуу атуулу. Республикалык маанидеги персоналдык пенсионер.

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Орозобаева Чынара

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасынын,
Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасынын ээси

***Адам эмгеги менен даңктуу***

Нарын 2010ж.

# Чынара Орозобаева

Кыргыздын алтынга тете кенчи сакталган китепканалык кесипти аркалап, өмүрүнүн 40 жылга жакын убактысын сүйгөн кесибине арнап үзүрлүү эмгек өтөгөн жетекчи Орозобаева Чынара 1957-жылы Кочкор райондук балдар китепканасында өз эмгек жолун баштаган.

Иштеген жылдарында облустук балдар жана чоңдор китепканаларында директор болуп иштеген.

Орозобаева Чынар 1975-1980- жылдарда массалык китепканаларды борборлоштуруу мезгилинде иштерди жакшыртууда, алдыңкы иш тажрыйбаны жайылтууда зор эмгек өтөгөн.

1986-1990 жылдарда Республикабыздын китепканалык иш тармагында «Китепканалык библиографиялык классификацияны» (ББК ) жайылтууда мурдагы Союздук жети облустук китепканалардын ичинен алгачкылардан болуп алдыңкы иш тажрыйба мектебин уюштурган.

Чынара эже өз кесибинин устаты болуп,облустагы китепканачыларды өз кесибин сүйүүгө, кадырлоого үйрөтүп, ондогон китепканачыларга насаатчы эже катары таанылды.

Ак ниет эмгеги үчүн СССРдин, Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Кесиптик кошундар Кеңешинин Ардак грамоталары, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Маданият тармагында сиңирген өзгөчө эмгегеи өкмөт тарабынан жогору бааланып, Орозобаева Чынара Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Чынара эже 1996-жылдан бери ардактуу эс алууда жүрсө да, облусубуздун саясий турмушуна аралашып, облустук китепканада жүргүзүлүп жаткна иш чараларга активдүү катышып, демөөрчүлүк жардамдарын берип келе жатат.

Эженин талыкпаган эмгеги эч качан унутта калбайт деген ишеничтебиз.

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Акматалиева Эркин

**ССCР Жогорку Советинин Президиумунун «Эмгектеги каармандыгы» медалынын, ССCР Жогорку Советинин Президиумунун «Энелик даңк» медалынын ээси**

## *Адам эмгеги менен даңктуу*

Нарын 2010ж.

# Сыйлыкты- эмгектен, билимди - китептен изде.

Сен каздын кереметтүү акыл кенин,

Жеткиздиң окурманга акындардын улуу кебин.

Иштедиң талыкпастан жарым кылым,

Сени мен билинбеген «Баатыр» дедим

*Б. Жумагулова*

Нарын облустук С.Орозбаков атындагы китепкананын башкы китепканачы адиси В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата «Эмгектеги каармандыгы үчүн», II-даражадагы «Эне данкы» медалдарынын, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин, ондогон «Ардак громаталардын» ээси, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу», облустагы мыкты профессионал китепканачы-библиограф, жаштардын насаатчысы Акматалиева Эркин 50 жылдан бери анын ичинен 41 жылы китепкана тармагында эмгектенип келе жатат.

Эркин Акматалиева 1946-жылы 3-июнда Нарын районуна караштуу Жан-Булак айылында туулган. 1960 -жылы Фрунзедеги медициналык окуу жайына тапшырып, 1964-жылы ийгиликтүү аяктап, Нарын облустук ооруканасында эмгек жолун баштаган.

1973-жылы облустук китепканасына которулуп, китепканачы бөлүм башчы, 1991-жылы Нарын шаардык китепкананын директору, 1994-жылы Нарын райондук борборлоштурулган китепкананын директору, 1999-жылы Нарын облустук С.Орозбаков атындагы китепкананын директорунун орун басары болуп иштеген.

1979-жылы Москвадагы В.Маяковский атындагы мамлекеттик маданият институтунун китепкана жана библиография бөлүмүн сырттан окуп, ийгиликтүү аяктаган.

Акматалиева Эркин 40 жылдан ашуун китепканалык тармакта иштөөдө облустук, райондук, шаардык жана айылдык китепканалардын ишине чоң салым кошуп, жигердүү иш алып барган.

Кыргыз Республикасынын улуттук китепканасынын китепканачылары менен бирдикте «Нарын областы», «Муса Баетов» деген сунуш кылынган библиографиялык колдонмолорду жана «Өмүрү өрнөк» деген тематикалык алдынкы китепканачылардын көптөгөн буклеттерин түзгөн.

Китепканада крайлык иштерди жолго коюуда «Нарын облусу» деген крайлык каталогду облустук китепканада түзүп, «Алдынкы тажрыйба мектеби» уюшулган.

Ошондой эле эл аралык уюмдар менен биргелешип иш алып барууда Фонд «Сорос Кыргызстан», «ОБСЭ», «ЮСАИД», «АКШ элчилиги» ж.б. уюмдар менен башкы ассисент катары облустук, райондук жана шаардык китепканаларда укуктук экономикалык борборлорду түзүүдө жана аларды жабдууда өзүнүн демилгесин, уюштуруучулугун көрсөтүп, массалык маалымат каражаттарына чагылдыруу менен ар кандай массалык иштерди өткөрүүдө активдүүлүгүн көрсөтүү менен иш чараларды уюштура алды. Республикалык, облустук жана райондук деңгээлдеги семинарларга өзгөчө библиографиялык китепканалык классификация таблицасын китепканалык ишке киргизүү боюнча Орто Азия жана Казакстан өлкөлөрүнүн китепканаларынын семинарын өткөрүүдө зор салымын кошкон.



Эркин Акматалиева иш тажрыйбасында талбай иштөө менен байсалдуу, кубанычтуу, сүйүнүчтүү да кээде татаал жолдорду басып өтүп, китепкана өз ишин сүйгөн адис, катары жаштардын насаатчысы болуу менен китепкананын суугуна тоңуп, ысыгына күйүп,айрым учурда экономиканын тартыштыгына чыдап, китепкананын өнүгүшүнө, туруктуулугуна, рухий дөөлөттөрдү сактоого болгон билимин, күчүн, тажрыйбасын жумшап иштеп келди.

Эркин Акматалиева жетекчи катары коомдук иштерде болобу, же саясаттабы өзүнүн салымдарын кошуу менен активдүүлүгүн жана уюштурууучулук жөндөмүн көрсөтүп, элдин көңүлүндө калды.

Э.Акматалиеванын эмгеги бааланып, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», беш баланын энеси боюнча «Эне данкы» медалдарынын, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин, «Нарын шаарынын Ардактуу атуулу» наамынын жана бир нече Ардак громатасынын ээси болду.

Үй бүлөдө өзүнүн орду менен беш уул, кыздын мээрман энеси, чоң эне, тайэне, урмат сыйга татыган өрнөктүү байбиче.

Тирүүлүк өтө кымбат, өмүр кыска,

Жаз, жай, күз кезек берет бороонду кышка.

Эскерет эмгегиңди кийинкилер,

Айтылат абалтадан ушул нуска.

## Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Токторбаева Замира

## Маданияттын мыкты кызматкери

## *Адам эмгеги менен даңктуу*

**Нарын 2012ж**

- 2006ж- Кесип бирликтеринин Нарын облустук Кеңешинин Ардак Грамотасы
- 2007ж- КРнын маданият министирлигинин "Маданияттын мыкты кызматкери"төш белгиси
- 2007ж- Китепканалык—маалымат ассоциациясынын Ардак Грамотасы
- 2008ж- КРныны китепканачыларынын коомдук бирикмесинин "Китепкана жылдызы" төш белгиси
- 2009ж- Нарын облустук коомдук - саясий "Теңир -Тоо" гезити тарабынан "Жылдын мыкты жетекчиси" наамы
- 2010ж- Нарын шаардык мэриясынын, депутаттардын Нарын шаардык Кеңешинин "Ардак грамотасы"
- 2011ж - Нарын райондук мамлекттик администрациясынын Ардак Грамотасы
- 2011ж - КРнын коомдук китепканалар Ассоциациясынын "Жылдын мыкты китепканачысы" наамы
- 2011ж- Нарын шаардык дене-тарбия жана спорт бөлүмүнүн Грамотасы
- 2011 ж- Нарын шаардык мэриясынын жана депутаттардын Нарын шаардык кеңешинин "Эң чыгармачыл жетекчи" наамы
- 2012ж- Нарын облусунун "Ардактуу атуулу"
- 2019 ж- Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы



Биздин дарек:

Нарын шаары Ленин көчөсү 33

Тел (03522)51885

E-mail:metodnaryn@mail.ru

https://www.facebook.com/
Нарын облустук С. Орозбаков атындагы китепкана

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана

# Өмүрү өрнөк



## Токторбаева Замира Базарбаевна



Уул кызың чуркап суйунон,
Кут кетпей такыр уйулөн
Кубантып сансыз ийгилик,
Кубалап журсун изинден

Токторбаева З.Б. 43 жылдык эмгек жолунда Нарын облустук китепканалык тармактардын ишин уюштурууда,калкты китеп менен тейлөө ыкмаларын жайылтууда,стажировкаларды, семинарларды, форумдарды өткөрүүдө, алдынкы иш тажрыйба мектебин уюштурууда, усулдук колдонмолорду түзүү менен облустагы китепкана кызматкерлеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда усулдук жардамдарды көргөзүүдө зор эмгектерди жасады.Заман талабына ылайык иш алып баруу менен бирге өкмөттүк эмес уюмдар менен алакалашуунун натыйжасында көптөгөн проектилер ишке ашып. натыйжасында китепкана облустагы бирден бир маданий очокко айланып,окурамандар үчүн заманбап ыңгайлуу шарттарды түзүү менен Интернет байланышы менен камсыздалды. Китепканада окурмандарды тейлөөдө бир нече приоритеттүү багыттарга көңүл бөлүнүп Нарын облусунда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасынын маалыматтар базасы», «Качкындар суроолору», «Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды тейлөө», «АгаХан фондунун каржылоосу менен «Үй бүлөлүк китеп окуу долбоорлору ишке ашырылып,натыйжасында окурмандарды тейлөөнүн сапаты жогорулап,заманбап технологиялар менен тейлөө жүргүзүлүп, Интернет байланышы ишке ашырылды. 2012-жылдан бери Кыргызстандагы АКШ элчилигинин колдоосу менен «Америка борбору» иштеп баштап,жаш муундардын тил үйрөтүүгө болгон муктаждыктары толук чечилип, китепкана заманбап ремонттон өткөрүлүп, окуу залдары кеңейтилип, окурмандар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Эмгек жолунда жараткан ийгиликтери үчүн Кыргыз Республикасынын Маданият министрлигинин, Нарын облустук, райондук мамлекеттик администрациясынын, Нарын шаардык мэриясынын «Ардак грамоталары»,КРнын Маданият,маалымат жана туризм министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, КРнын китепканалар «Китепкана жылдызы» төш белгиси менен сыйлаган

Токторбаева Замира Базарбаевна Нар облустук маалыматтык китепканасынын директору болуп эмгектенген.



- 1996 ж- КРнын Маданият министирлигинин Ардак грамотас
- 2000 ж- Нарын облустук Мамлек администрациясынын жана Эл депутаттарынын облустук кеңеши Ардак Грамотасы
- 2003 ж- КР Билим жана Мадани министирлигинин Ардак Грамота
- 2009ж- Нарын облустук коомду саясий "Теңир -Тоо" гезити тара "Жылдын мыкты жетекчиси" наам
- 2010ж- Нарын шаардык мэриясын депутаттардын Нарын шаардык Кеңешинин "Ардак грамотасы"
- 2004ж- Маданият кызматкерле профсоюзунун Нарын облустук кеңешинин ардак грамотасы
- 2005 ж- арын облустук Маданиз башкармасынын Грамотасы

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Тойгонбаева Нуржамал

Маданияттын мыкты кызматкери

*Адам эмгеги менен даңктуу*

Нарын 2012ж



***Нуржамал эже ак эмгектин үлгүсү,***
***Адамдыктын, адалдыктын күзгүсү.***
***Өзүнчө эле мектеп экен үйрөнөр,***
***Кылган иши сүйлөгөнү жүрүшү.***

*Китепканалык ишти 30 жылдан ашык аркалап, облустун китепканалык тармактарынын ишин уюштурууда, алардын ишине багыт берүүдө талыкпай эмгектенип келе жаткан, өз кесибин сүйгөн, жаш китепканачылардын насаатчысы, усулдук бөлүмдүн башчысы Тойгонбаева Нуржамал эжебиз.*

*Нуржамал Төлөгөновна 1949-жылы 28-октябрда Нарын районунун Эмгекчил айылында туулган. Билими атайын жогорку.*

*Эмгек жолун 1973-жылы Нарын облустук китепканасында китепканачы болуп иштөө менен баштаган.*

*1978-1980 жылдары китеп топтоо бөлүмүндө, 1989-жылдары өрөөндүк китепканасында айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген, 1991-1999 жылдары Нарын райондук, шаардык китепкана тармагынын усулдук бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип келди. 2000-жылы Нарын облустук С.Орозбаков атындагы китепканасынын методисти, 2003-жылдан баштап усулдук уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, ошону менен бирге эле Нарын облустук маданият кызматкерлеринин профсоюз уюмунун төрайымы болуп, азыркы күндө Нарын облустук профсоюздар Кеңешинин президиумунун мүчөсү болуп иштеп келүүдө.*

*Нуржамал эже иштин кайсы гана тармагында иштебесин иш билги, өз кесибин терең сүйгөн, алдыңкы китепканачы адистердин бири. Китепканалык иштин жаңы формаларын, методдорун жайылтуу үчүн дайыма аракеттенген, уюштургуч, жөндөмдүү адис жана жаш китепканачылардын насаатчысы. Калкты китеп менен тейлөөнүн ыкмаларын китепканачыларга үйрөтүп, усулдук жана практикалык жардамдарды берип, облустук, шаардык семинар - кеңешмелерди уюштуруп, усулдук китепканалык колдонмолорду, буклеттерди чыгарып, көрсөтмө консультацияларды берип келет.*

*«Сорос-Кыргызстан» фондусунун китепканаларды колдоо долбоору боюнча «Теңир-Тоолук балдарга укук боюнча билим берүү» долбоорунун жетекчиси.*

*Нуржамал эже китепканадагы 30 жылдан ашык талыкпаган үзүрлүү эмгеги үчүн, Нарын облустук администрациясынын, Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин, Нарын облустук маданият башкармасынын, Нарын райондук, шаардык маданият бөлүмдөрүнүн, Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын «Ардак грамоталары» менен сыйланган.*

*2006-жылы Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланды.*

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



# Турузбаева Сайрабүбү

**Маданияттын мыкты кызматкери**

***Адам эмгеги менен даңктуу***

Нарын 2012ж



***Эл сүйөт калыс адамды,***
***Эмгекчил сонун аялды.***
***Талыбаган эмгектен,***
***Татыктуу иштер жаралды.***

*Китепканалык иште 40жыл талыкпай эмгектенип келе жаткан, китепканалардын фондусун «Китепканалык библиографиялык классификацияга» өткөрүүдө аябай зор эмгек жумшап келген эжебиз Турусбаева Сайрабүбү.*

*Сайрабүбү Мамбетказиевна 1948-жылы 22-февралда Нарын районунун Калинин айылында туулган.*

*Эмгек жолун орто мектепти бүтүргөндөн кийин, 1966-жылы Нарын шаардык китепканасында китепканачы болуп иштөө менен баштаган.*

*1972-жылдан 1980-жылга чейин Нарын облустук китепканасынын тейлөө бөлүмүнүн башчысы,*

*1980-жылдан бери Нарын облустук С.Орозбаков атындагы информациялык китепкана тармагынын китеп топтоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.*

*Өзүнүн 40 жылдык эмгек жолунда китепкана ишин мыкты өздөштүрүп, Нарын облусундагы китепканалардын базасында республикалык, облустук семинар-кеңешмелерди өткөрүүдө активдүү демилгечи болуу менен уюштурууга жана өткөрүүгө көп аракеттерди жасады. Облустагы китепканачыларга китеп топтоо, каталог менен иш алып баруу, эсеп-учет иштери боюнча усулдук, практикалык жардамдарды берүү менен окуулларды, тренингдерди,кеп-кеңештерди берип үйрөтүп келет.*

*Китепканалык иштин жаңы формаларын окуу менен кесиптик билимин жогорулатуунун үстүндө иштейт. 2005-жылы Нарын облустук кесиптик бирликтер Кеңешинин алдындагы «Чоңдорду окутуу борборунан» компьютердик курсту бүтүрүп сертификат алган.*

*Китепканалык иштеги үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин, облустук маданият башкармасынын, облустук китепкананын администрациясынын «Ардак грамоталары» менен, 1997-жылы Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын «Ардак грамотасы» менен сыйланган.*

*2006-жылы үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланган. Коллектив арасында урмат сыйга ээ.*

Актива
Чтобы акт
Параметр

# Нарын облустук С. Орозбаков атындагы маалыматтык китепкана



**МОЛДАКУНОВА ЗОЯ**
"Маданияттын мыкты кызматкери"
төш белгисинин ээси,
Ак-Талаа районунун "Ардактуу атуулу"

# *Адам эмгеги менен даңктуу*

**Нарын 2020 ж.**

# Молдакунова Зоя Капарбековна

Молдакунова Зоя Капарбековна 1954-жылы Ак-Талаа районунда туулган. Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун «Китепкана таануу» бөлүмүн 1977-жылы аяктаган, ушул эле жылы эмгек жолун Ак-Талаа райондук китепканасынын бөлүм башчысы болуп иштеп баштаган. Китепканалардын китеп фондусун китепканалык библиографиялык классификациялоодон өткөрүүдөн баштаган. 1977-жылдан 2012-жылдын март айына Ак-Талаа райондук Н.Кулназаров атындагы маалыматтык китепкана тармагынын директору болуп иштеп келген. Иштеген жылдары китеп фондусунун сакталышы, кадрлардын кесиптик өздүк билимин жогорулатып көтөрүү максатында бир катар иштерди жүргүзүп жетекчи катары мамиле жасап окурмандарды китепканага тартуу максатында ар кандай кызыктуу адабий кечелерди, жолугушууларды, үй бүлөөлүк окууларды уюштуруп келген. Коомдук иштерге активдүү катышып көп жыл мекемеде партиялык уюмдун катчысы, райондук аялдар кеңешинин мүчөсү, көп жылдар бою өткөрүлүп келген шайлоолордо катчы болуп эмгектенип келген. Райондук, облустук, республикалык өткөрүлгөн кароо сынак, ыр-кеселерге активдүү катышып эл чыгармачылыгынын лауреаты наамына ээ болгон.

Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат демекчи адал эмгеги жана көп жылдык үзүрлүү эмгеги бааланып райондук, облустук, мамлекеттик администрацияларынын Ардак грамоталары, КРнын маданият маалымат жана туризм министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, КРнын китепканачыларынын коомдук бирикмесиинин «Китепкана жылдызы» төш белгиси жана дипломунун ээси. Ак-Талаа районунун ардактуу атуулу, КРнын ардактуу айымы, 42 жыл бир кесипте эмгектенүү менен жолдошунун сүйүктүү байбичеси, 2 уул 3 кыздын ардактуу апасы, 12 неберенин мээримдүү чон энеси. Н.Кулназаров атындагы маалыматтык китепкаа тармагынын ардактуу ардагери.

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы
информациялык китепканасы

# Өмүрү өрнөк



# Бүрүлкан Курманалиева

Нарын 2017

# АКЫЛ-ЭСИ БАР—НАРКТУУ, ЭМГЕГИНЕН БААР ТАПКАН-БАРКТУУ. (эл макалы)



Аял экен үйдүн шамы,
Аял экен үйдүн шаңы.
Күлүп турса маңдайында
Жашооң кызык, турмуш жаңы.

Курманалиева Бурулкан китепкана тармагында 1988-жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

1988-1990 жылдары Токмоктогу маданий агартуу окуу жайынын китепканачылык бөлүмүн сырттан окуп бүтүргөндөн кийин облустук китепкананын тейлөө бөлүмүндө китепканачы, айыл чарба бөлүмүндө китепканачы, маалымат бөлүмүндө библиограф-китепканачы, тейлөө бөлүмүндө башкы китепканачы, бөлүм башчы, азыркыучурда тейлөө бөлүмүндө китепканачы болуп үзүрлүү иштеп жатат.

Курманалиева Бурулкан окурмандарды тейлөөдө өзүнүн билимин, көп жылдык иш тажрыйбасына таянып, сапатуу тейлөөгө жетише алды. Коомдук иштерге активдуу катышып, бөлүмдөгү өтүп жаткан иш- чаралардан четте калбай, өзүнүн кесибин сүйгөн адис экендигин көрсөтүп эмгектенип келе жатат.

Китепканачы-көп тармактуу адис болгондуктан, эже бирде китепканачы, бирде мугалим, бирде машинистка, бирде актер , бирде ырчы болуп кетет.

1995 жылы Бишкек шаарында өткөн "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесиде Чубак баатырдын кейипкерин жаратып жакшы ийгиликтерге жетише алды.



Ошол маарекедеги уюштуруу комитетинин төрагасы Чолпонбек Базарбаевдин колу коюлган экинчи даражадагы диплом менен сыйланган.

Курманалиева Бурулкан өзү менен иштешкен жаш китепканачыларга акыл-насаатын, иш тажрыйбасын ар дайым бөлүшүп ,биргеликте иш алып барышууда.

Ар бир келген окурмандын суроо-талабын, айткан адабияттарын таап бермейинче жаны тынбайт. Союз мезгилинде машинка менен иш алып барса, замандын талабына ылайык жаш китепканачылардан кем калышпай азыркы убакта компьютер менен иштөөгө да жетишип келе жатат.Көп жылдык эмгектери эске алынып, Нарын облустук администрациясынын, С.Орозбаков атындагы облустук китепкананын, облустукмаданият башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Билим жана Маданият министрлигинин, "Кыргыз Республикасынын ардактуу айымы" төш белгиси ардак наамга ээ болгон.



Нарын облустук С. Орозбаков атындагы информациялык китепкана.

# Өмүрү өрнөк



# Бексултанова Жумагүл

Нарын–2014-ж

# *Билим – бийикке сүйрөйт, акыл – алыска жүрөйт.*

*Өткөн жашын кайра кайрылбас,*

*Өмүр ошо – өз жолунан тайгылбас.*

*Жан дүйнөсү жарык нурлуу жаралган,*

*Жакшы адамдар дайым сулуу, дайым жаш!*

Бексултанова Жумагүл Ормотоевна

1973-ж. орто мектепти аяктагандан кийин,

1974-ж. Нарын облустук эл чыгармачылык үйүндө зав. авто клуб

1975-1977-ж. Токмоктогу маданий агартуу окуу жайын окуган.

1977-ж. Нарын областтык балдар китепканасында – китепканачы.

1979-ж. Нарын областык китепканасынын жаштар бөлүмүнүн китепканачысы.

1980-ж. Нарын областык китепканасынын жаштар бөлүмүнүн улуу усулчусу.

1985-ж. Нарын областык китепканасынын тейлөө бөлүмүнүн башкы китепканачысы

1989-ж. Нарын шаардык Облустук китепкананын тейлөө бөлүмүндө 40 жылга жакын эмгектенип, китепканалык иштин чыныгы устаты экендигин көрсөтө алды. Нарын областык китепканалык тармактын ичинде калкты китеп менен тейлөөнүн ыкмаларын китепканачыларга үйрөтүп, райондук китепканаларга усулдук иштер боюнча жардамдарды берип, иштеп келүүдө. Союз учурунда областын бардык китепканаларын ББК системасына өткөрүүдө кошкон салымы зор.

Тейлөө бөлүмүнүн фондусундагы китептерди, басмаларды жакшы билгендигинин натыйжасында пайдалануучуларды жогорку деңгээлде тейлеп, окурмандарды информация менен камсыз кылып, жоопсуз калтырбайт. Китепканада өтүлгөн маданий массалык иш-чараларга активдүү катышып, китеп көргөзмөлөрдү жогорку деңгээлде уюштуруп, библиографиялык баяндамаларды, жаңы китептин бет ачарларын профессионалдык жөндөмдүүлүктө алып барат.

Белгилүү даталарга, акын-жазуучулардын мааракелеринде уюштурулган кароо-сынактарда, жумалыктарга катышып, мектеп мугалимдер менен тыгыз байланышта иштеп, кароо-сынактардын жеңүүчүсү болуп, Нарын шаардык мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

«Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын таасири» деген темадагы доклады мектептер аралык сынакта мыкты деп табылып, адабияттын ачык сабактарга катышууга чакырылган. Коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Нарын облустук Аялдар конгресинин, Нарын облустук Кесип Бирликтеринен, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернаторунан Ардак грамоталарына ээ болгон.



2005-жылы «Теңир-Тоонун» газетасынын «Жылдын мыкты маданий кызматкери» лауреаты болгон.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министирлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланган.

2010-жылы «Мурас» жылында китепканадагы ата-бабадан калган мурасты окурмандар, айрыкча жаштар арасында жайылтуу



максатында «Кыргыз элинин мурасы – муундан-муунга» деген темада ачык көргөзмөсүн уюштуруп, кеңири баяндама берип, окурмандардын зор кызыгуусун жараткан.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын Коомдук китепканалар Ассоциациясынан «Жылдын мыкты китепканачысы» наамына ээ болгон.

Жумагүл иштин кайсы тармагында иштебесин иш билги, өз кесибин терең сүйгөн, алдыңкы китепканачы адистердин бири. Коллективдин ысыгынп күйүп, суугуна тоңгон, жамааттын арасында кадыр-барк, урмат-сыйга ээ, насаатчы кадрлардын бири. Үй-бүлөөлү 4 уулдун, 5 неберенин чоң энеси.